***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.83.18.041***

*Абдуллаев Р.М., Боркошов К.К., Садыков М.Ш.*

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛООДО ХАДИСТЕРДИН РОЛУ

*Абдуллаев Р.М., Боркошов К.К., Садыков М.Ш.*

# РОЛЬ ХАДИСОВ В ВОСПИТАНИИ ЧЕРЕЗ НАРОДНУЮ ПЕДАГОГИКУ

*R. Abdullaev, K. Borkoshov, M. Sadykov*

# THE ROLE OF HADITHS IN EDUCATION THROUGH FOLK PEDAGOGY

*УДК: 37.017.92*

*Бул макалада тарбия, айрыкча ыймандуулукка, адеп-ахлакка, маданияттулукка тарбиялоодо элдик педагогикалык каражаттардан,ислам дини жана Мухаммед пайгамбардын хадистеринен пайдалануу менен азыркы күндө жаштарды тарбиялоодогу маанилүүлүгү жөнүндө баяндалат. Кыргыз үй-бүлөлөрүндөгү ажырашуулардын башкы себептериадеп- ахлакка байланышкан. Элдин керектөөсүнө шайкеш келген рухий педагогикалык нарк-дөөлөттөр гана элдин салттуу ишениминде, идеалында байыркы мезгилдерден тартып ушул күнгө чейин бул салт элтурмушунда бекем сакталып келе жатат. Адеп-ахлактын негизи үй-бүлөнү сактоо болуп саналат. Бул багытта иш алып баруу дайыма актуалдуу маселе болуп, ар бир тарбиячынын,жарандын,жалпы коомчулуктун милдети болуп саналат. Айрыкча жаштарды рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү, дин, ислам дини, Мухаммед пайгамбардын хадистеринен, шарияттан пайдалануу, анын азыркы күндө жаштарды тарбиялоодо гумандуулугу жөнүндө баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *тарбиялоо, элдик педагогика, ыйман, адеп-ахлак, маданият, билим, окуу, инсан, Куран, дин.*

*В данной статье рассматривается значение образования в воспитании молодежи сегодня, особенно в области нравственности, этики и культуры, с использованием народных педагогических средств, ислама и хадисов пророка Мухаммеда. Основные причины разводов в кыргызских семьях моральные. Только духовно-педагогические ценности, отвечающие запросам народа, прочно укоренены в традиционных верованиях и идеалах народа, начиная с древнейших времен и до наших дней. Основой нравственности является сохранение семьи. Работа в этом направлении всегда актуальна и является обязанностью каждого педагога, гражданина и общества в целом. В частности, духовно-нравственное развитие молодежи, религия, ислам, использование хадисов пророка Мухаммеда, шариат, их значение в воспитании молодежи в наши дни.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, народная педагогика, вера, нравственность, культура, образование, чтение, личность.*

*This article discusses the importance of education in the education of young people today, especially in the field of morality, ethics and culture, using folk pedagogical means, Islam and the hadiths of the Prophet Muhammad. The main reasons for divorce in Kyrgyz families are moral. Only spiritual and pedagogical values that meet the needs of the people are firmly rooted in the traditional beliefs and ideals of the people, from ancient times to the present day. The basis of morality is the preservation of the family. Work in this direction is always relevant and is the responsibility of every teacher, citizen and society as a whole. In particular, the spiritual and moral development of youth, religion, Islam, the use of the hadiths of the Prophet Muhammad, Sharia, their importance in the education of young people today.*

***Key words:*** *upbringing, folk pedagogy, faith, morality, culture, education, reading, personality, Koran, religion.*

Саясатыбыздын маанилүү багытын, каада-салттарды, моралдык ченемдерди, коомдук жана үй-бүлөлүк баалулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргыз дөөлөтүн, элинин маданиятын, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган, жалпы адамзаттык баалулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоонун колдоо максатында Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаровдун «Жарандардын руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө биринчи жарлыгычыкты, ошондой эле маркумдарды акыркы сапарга узатуудагы чыгымдарды азайтуу жана ысырапкерчиликке жол койбоо дагы инсандык руханиятты байытуу болуп эсептелет. Бул макалада биз жаштардын руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсү жана адеп-ахлактыкка тарбиялоо жөнүндө сөз кылабыз.

Дүйнөгө белгилүү жазуучу Ч.Айтматовдун «Адам үчүн эң кыйыны-күн сайын адам болуу» деп айткан сөзү азыркы мезгилдин таамай айтылган сөздөрүнөн экендиги талашсыз. Бул багытта иш алып баруу дайыма актуалдуу маселе болуп, ар бир тарбиячынын, жарандын, жалпы коомчулуктун милдети болуп эле калбай, дайыма жарандардын активдүү катышуусу зарыл.

Улуу этнопедагог, окумуштуу Г.Н. Волков белгилегендей «Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика – элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы эл».

Тарбиялоо жөнүндөгү ой-пикир жана талаптар адамзат пайда болгонго чейин эле пайда боло баштаган. Ата-бабаларыбыздан калган мурас, өнөрлөрдү,

турмушка керектүү жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүү, уруу коомунун жаштары уруу башчыларды, улууларды угушуп, алардын акыл-насаат, буйруктарын өздөрүнө үлгү катарында кабыл алышып, аларды аткарышкан. Байыркы мезгилден тартып ушул күнгө чейин бул салт эл турмушунда бекем сакталып келет. Адамдын жашоосунда, адеп-ариетине байланышкан осуяттар, орошон ойлор көп. Андыктан, улуттун-улут болуп калыптануусундагы руханий башаттар чоң роль ойногон.

Ар бир элдин улуттук маданияты өзү жашаган географиялык чөйрөгө, ошол доорго байланыштуу өзгөчөлүккө ээ болот. Ал эми географиялык чөйрө, тарыхый шарттар бири-биринен өзгөчөлөнүп турат.

Бала үй-бүлөнүн гана эмес, бүтүндөй журттун өсүп-өнүгүүсүнүн, кайра жаралуусунун өлбөстүгүнүн шарты. Мусулман үй-бүлөлөрүндөгү ажырашууларлардын башкы себептери адеп-ахлакка байланыштуу. Кыргыз эли дагы кыз балдардын кулк-мүнөзүнө кичине кезинен эле кылдат байкоо жүргүзүп, алардын жүрүм-турумуна, адебине, маданиятына катуу талап коюп келишкен. Кыргыздын «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Улдуу болсоң узун сүйлөбө, кыздуу болсоң кыя сүйлөбө» деген макалдары кыздарга коюлган талап, аларды тарбиялоонун көп кырдуу өзгөчөлүгүн мүнөздөп турат. Бул болсо адеп-ахлактын, үй-бүлөнү сактоонун негизи болуп саналат.

Ар бир үй-бүлөнүн өзүнө таандык каада-салт, үрп-адат болуп калган тарбия негиздери болгон. Тарбиялоодо үй-бүлө элдик макал-лакаптардан, насыяттардан, үлгү ырлардан, элдик оюндардан, табышмактардан, жаңылмачтардан, жомоктордон кеңири пайдаланышып, электен өткөрүп жыйынтыктарды чыгарышкан жана аны иш жүзүндө колдонушкан. Элдик чыгармалардын деңгээлин жогорку бийиктикке жеткиришкен.

Ата-бабаларыбыздын салттуу, нарктуу үй-бүлөсүндө баланы чоң энелер, таенелер, чоң аталар, таяталар, эжелер, агалар тарабынан тарбияланышкан. Алар табигый, чебер даанышман, өз деңгээлиндеги акылман тубаса тарбиячылар болушкан.

Аксакалдар көчөдө өзүн туура эмес алып жүргөн балдарды көрүшсө, жанына чакырышып алышып, «кимдин баласысың?», «эмне үчүн анттиң, минттиң» дешип, сурамжылашып, өздөрүнүн акыл-насаатларын беришчү. Мындай тарбиялык иштин мааниси өтө таасирдүү болгон.

Балдарды туура жана гумандуу тарбиялоодо элдик тарбиянын төмөнкүлөрдү эске алуу туура болот деп эсептейбиз: Ата-эне өзүнүн эмгекке, маданияттуулукка, ыймандуулукка, адеп-ахлакка, жоро-жолдошторуна, коомго кылган мамилелери менен балдарындагы чынчылдыкты, тартипти, мээнеткечтикти, эмгекчилдикти, принципиалдуулукту тарбиялоодо аларга үлгү болууга тийиш; Ал үчүн ата-эне балдарына койгон талапты биринчи өздөрүнө коюп, өзү аны ийне жибине чейин так аткаруусу керек; Ата-эне балдарынын өсүп жетилүүсүн туура аныктап, балдарын жан-дили менен сүйүп, алардын өнүгүүсүнө туура багыт берсе, аларга маданияттуу мамиле жасаса, алар балдарынын алдында чыныгы идеалга айланат [1, 15-б.].

Адеп-ахлактык, руханий байлык адамзат тарбиясынын негизги белгилери: мээримдүүлүк, боорукердик, кечиримдүүлүк, кайрымдуулук, адилеттүүлүк, кичи-пейилдик, берешен-марттык, сыйлоо, үлгүлүү жүрүм-турум ж.б. Демек, адеп тарбиясынын тиешелүү белгиленген талаптарды так аткарган баланы биз адептүү бала, адептүү кыз деп айтуу менен ар бирибиз өз балабыз жана кызыбызды ошондой тарбиялоого аракеттенебиз. Мусулмандарда салих жана салиха перзенттерди берүүнү Аллахтан сурап, дуба кылынат. Адептик сапаттардын ичинен, жаш муундарды эл жамааты аркылуу калыптандырууда төмөнкүлөр башкы орунду ээлейт:

1) Эл-журтту, туулган жерди чексиз сүйүүгө жана патриоттуулукка тарбиялоо;

2) Жааматчылыкка жана достукка үндөө. Бирибирине сыйлоо жана берилгендик сезиминин болушу;

3) Гумандуулук-элдин башкы сапаты катары болушу;

4) Ата-энелерин жана улууларды сыйлоосу [2, 92-б.].

Элдик педагогиканын тарбиялоодогу негизги каражаттарынын бири – бул ислам дини болуп эсептелет. Ислам деген сөз сөзмө-сөз которгондо «баш ийүүчүлүк», «кудайга берилгендик»дегенди билдирет. Исламды колдоочууларды «мусулман»деп аташат. Арабдын «мусулман»деген сөзү-баш ийүүчүлүк дегенди түшүндүрөт. Ислам – дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө тараган эң ири диндердин бири болуп саналат [2, 210-б.].

Ислам дини коомдун өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт. Айрыкча азыркы мезгилде ислам дини тууралуу туура билим алуу, тарбиялоодо негизги маселе болуп эсептелет. Руханий боштукту Куран, хадистердеги адилеттүүлүк, кечиримдүүлүк, ата-энени сыйлоо ж.б. инсандык сапаттар менен толтуруу учурдун актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет. Экстремизм жана терроризм сыяктуу коомубузга жат көрүнүштөр ошол боштукту ээлегенге жол бербөө үчүн коомдун бардык мүчөлөрүнүн аракеттенүүсү зарыл жана ар бирибиздин милдетибиз болуп эсептелет. Жашоонун эстетикалык түзүлүшүнө, ынтымактын пайда болушуна, мекенди сүйүү сезимдеринин ойгонуусуна, улуттук каада-салттардын негизделүүсүнө ж.б. тийгизген таасири чоң. Дүйнөнүн жыйырма сегиз мамлекетинде, анын ичинде Кувейт, Египет, Ирак, Иран, Сауд Аравиясы, Пакистан өлкөлөрүндө ислам мамлекеттик дин катары таанылган. Отуз беш мамлекетте

(анын ичинде Кыргызстан) калкынын көбүн мусулмандар (80%) түзөт [2, 211-б.].

Ислам дини адамдарды жакшылыкка, гумандуулукка чакырат, жамандыктан кайтарат, адамга жарашпаган сапаттарды каралайт, ыймандык, адеп-ахлак, маданий аруулук, маданияттулукка, бийиктикке үндөйт. Ал тынчтыкты, адилеттүүлүктү, теңдикти, эрктүүлүктү даңазалайт.

Мусулман дининин негизги эрежелеринин жыйындысы – Куран. Куранда айтылгандарды Кудай Мухаммед пайгамбарга айтып берген ачылыш катары түшүнүүгө болот. Мусулмандардын диний окуусунун дагы бир булагы – Мухаммеддин айткандарын камтыган «хадистерден» турат.

Мусулман дининин манилүү түшүнүктөрү –«ислам», «дин», «ыйман». Ислам кеңири мааниде бүткүл дүйнөнү белгилей баштаган, анын чегинде Курандын мыйзамдары аныкталган жана иштелген.

«Дин» – адамдарды сактоого алып келүүчү Кудай мыйзамдары – баарынан мурда, Кудай адамдын маңдайына жазган мыйзамдары түрүндө болот [3, 116-б.].

Куран-бардык мусулмандардын ыйык китеби, диний жана граждандык мыйзамдуулуктун негизин түзөт.

Тагыраак айтканда Ислам, дин катары адамдардын руханий жана адеп-ахлактык аң-сезиминин суроолоруна жооп берет, ошондой эле момун мусулманга Аллахтын ыраазычылыгына жетүүгө алып барган жолду көрсөтөт. Мусулмандын ыйык китеби болгон Куранда айланадагы дүйнөгө жана адамдарга болгон мамиле, үй-бүлөлүк жашоонун куралдары, ошондой эле заманбап илимдин негиздери тууралуу жазылган. Ал эми Мухаммед пайгамбардын кылган иш-аракеттери менен айткандары сүннөттө (хадистерде) камтылган [2, 213-б.].

Дин – сот. Сот сөзү сөздүктөрдө адилет, өкүм (оправдать по суду) деп анализденет. Демек, дин-сот-адилет, адал өкүм. «Малики явмиддин»- «адил өкүм кунунун падышасы» сыяктуу которулса туура болот эле. Ошондой эле которулса диндин мааниси «Адилеттүүөкүм» болот [4, 14-б.].

Ыйман сөзү кыргыз тилинде моралдык-руханий нормалардын топтомун туюндурат, б.а. ислам дини тарабынан көрсөтүлгөн адеп-ахлак баалуулуктары, ыйман сөзү менен түшүндүрүлөт.

Демек, ыйманы бар адам жамандыкка барбайт, зордук-зомбулук кылбайт, аялдарга, балдарга күч колдонуудан алыс болот, ошондой эле динсиз экстремисттерди жана террористтерди ээрчибейт. Тескерисинче исламдагы адилеттүүлүктү даңазалайт. Ыймансыз адам улуу кичүүнү да, аял-эркекти да, мамлекетти да сүйүүдөн алыс болору талашсыз. Ошого байланыштуу жаштарыбызды ыймандуу кылып тарбиялоо бардыгыбыздын милдетибиз.

Ыйман «ишеним» – биринчи кезекте өз ишенимдеринин объектиси жөнүндөгү «далил» катары түшүнүк. Куранда баарыдан мурда кудайдын бар экендиги жөнүндөгү далил болуп эсептелет. Жок дегенде эки мусулмандын катышуусунда «Алладан башка теңир жок. Мухаммед анын пайгамбары экенине күбөлүктү беремен», деп тил менен айтса, башка диндеги адам да мусулман болуп калат [3, 117-б.].

Аслам уруусунан болгон Абу Фирас (розияллоху анху) айтат:Бир адам бийик үн менен: «Оо, Алланын элчиси! Ыйман деген эмне?» - деп сурады. Алланын Элчиси (саллоллоху алайхи ва саллам): «Ыклас» - деди (Байхаки) [7, 49-б.].

Ислам done мусулмандын жүрүм-түрүм эрежелеринин жыйнагы-шарият деп аталат. Ал укуктук нормаларды да камтыйт. Аларды морал менен укукка бөлбөйт. Шарияттын булагы жана анын курамдык бөлүгү болуп Куран, сунна жана адат (кадимки эрежелер) эсептелет.

Адеп-ахлактуулуктун мусулмандык доктринасы Куранда белгиленген моралдын нормаларынын абсолюттук маанисинен келип чыгат. Моралдын нормалары – түбөлүктүү жана өзгөрүлгүс. Ислам моралын түзгөн Алла абсолюттук кемтиксиздик болуп эсептелет. Ислам моралынын абсолюттук аныктыгы, түбөлүктүүлүгү жана өзгөрүлүстүгү жөнүндөгү окуу ушундан келип чыгат. Аларды колдонуу, ошондой эле Аллага ишенүү инсандын жогорку адеп-ахлактуулугун камсыз кылат.

Куран боюнча такыбалык-бул ишенимдерге тобо кылуу жана диндин бардык буйруктарын так аткаруу. Ислам моралынын категориялары – бул жакшылык, жамандык, бакыт, акыйкаттык, абийир ж.б.

Мусулман этикасы боюнча, жогорку адеп-ахлактуулукка жетишүүнү каалаган адам жакшылык жана жамандык жосундар жөнүндөгү исламдын окуусун жетекчиликке алуусу керек, бул окууда каралган жакшы иштерди гана жасоого жана жамандыктан качууга тийиш.

Ислам done кыздарды тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулган. Мусулман дини аялзатынын жүрүм-түрүмдарын жөнгө салуучу көптөгөн эрежелер карайт.

Исламдын соопчулук агымы XVII-XVIII кылымдарда эле пайда болгон, Кулкожо акмат ал окуунун жаңы багыттарын тереңдеткен. Акын адамды төрт позицияга коюп карайт: шарият, хакикат, тарикат, магрифат. Шарият – бул ислам дининин мыйзамдары, аларды турмушта туу тутуу, салттары, Алла Тааланын жалгыз экендигин тануу, анын барлыгына ишенүү. Хакикат-Алла Таалага жакындоо, биригүү, анын ишенимине кирүү. Тарикат – соопчулуктүн идеялары. Алла Таала жөнүндө гана кыял тутуу, дүйнөнү кечүү,

жалгыздыкта, барга-жокко канаат кылуу. Магрифат – динди таануу, дин илимине жетишүү, кудайдын астында башка нерселердин кунсуз экендиги [5, 143-б.].

Куран – мусулман элдерин тарбиялоо жана агартууда алардын руханий дүйнөсүн, моралдык сапатын, инсандык этикасын калыптандыруу менен чоң мааниге ээ болгон жана болуп келүүдө. Ислам дин окуусун Курандан кийинки экинчи булагы, тексттин жыйындысы – хадистерден түзүлгөн Пайгамбардын сүннөтү болуп эсептелет. Хадистер жыйнагы зор адабий комплексти элестетет. Көлөмү ар түрдүү, анча чоң эмес, пайдаланганга ыңгайлуу жыйнактар бар. Хадистердин тексттери насыят мүнөзүндөгү түрдүү тарыхтарды, жомокторду, уруксат берилген жана тыюу салынган эрежелерди жана башка тарбиялык элементтерди камтыйт [3, 120-б.].

Элдик педагогика жаш муунду тарбиялоодо өтө маанилүү экендигин мурдагы макалаларыбызда дагы баса белгилеген элек. Бул макалада элдик педагогика жана анын бир бөлүгү ислам дини анын ичинен Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) хадистери жана анын жаштарды тарбиялоодогу ролуна жөнүндө токтолмокчубуз. Ислам дини ата-бабаларыбыздын бизге чейин келе жаткан, жан каныбызга сынып кеткен тарбиялоо булагы экендиги талашсыз. Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) өз турмушунда өзү жашаган мезгилде өзүүлгү болуп, чыныгы инсандык сапаттарды даңазалап, турмуштун ар бир жагына жалпы инсандык сапаттар деп табылган мүнөздөрдү айтып жалпы мусулман элди ээрчитип, тарбиялап келген. Пайгамбардын айткандары хадис деп аталат. Бул хадистер көптөгөн аалымдар тарабынан жазып бизге чейин жетип келгендиги маалым. Алардын бири имам Исмаил Ал Бухари. Анын эң ишеничтүү хадистер топтому «Ал-жами ал сахих» деп аталат жана андагы жазылган хадистери ислам ааламында эң ишеничтүү хадистер деп айтылат.

Пайгамбар – кудайдын өкүлү, адаттан тыш Ачылышты өткөрүп берүүчү. Ал кудайдан эргүү алып, өзүнүн кемтиксиз беделин андап, келечектин алдын ала айтуучусу, кабарчысы, өзүүчүн эмес башкалар үчүн жашайт. Пайгамбар тагдырдын жарчысы, касиеттүү, чечен, тарыхтын оор жана бурулуш мезгилинде пайда болгон, адамдарга жогортон алган кабарларды бөлүшкөнгө укугу бар абсолюттук реалдуулук жана адамзаттын ортосундагы ортомчу [6, 172-б.].

Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) хадистеринен кээ бирлерин келтиребиз: Абу Хурайра (розияллоху анху)дан ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтат: «Ким бул дүйнөдө бирөөнү кайгы-муңдан арытса, Алла Таала Кыямат күнү аны кайгы-муңдан арылтат. Ким бул дүйнөдө мусулмандын кемчилигин жашырса, Алла Таала акыретте анын кемчилигин жашырат. Пенде бир тууганын жардамында болгонго чейин Алла Тааланын жардамында боло берет» (Ахмад).

Абу Хурайрадан (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтат: «Ким ыймандын даамын таткысы келсе, Алланын ыразычылыгы үчүн мусулман бир тууганын жакшы көрсүн» (Ахмад).

Абдулла бин Масьуддан (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтты: «Чындыгында, ыймандын (белгилеринин) бири-бир адам башка бир адамды, андан бир нерсе алганы үчүн эмес, а бир гана Алла үчүн жакшы көрүүсү. Мына ошол ыйман деп саналат» (Таборани).

Нуьман бин Башардан (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтат: «Мусулмандардын бири-бирине болгон сүйүүсү, мээримдүүлүгү, боорукердиги бир дене сымал. Эгерде дененин бир мүчөсү ооруса бардык дене (зыркырайт) уктай албай, ысытмалап чыгат» (Муслим).

Убада бин Самит(розияллоху анху) айтат: Мен Пайгамбардын (саллаллоху алайхи вассалам) мындай деп айтканын уктум: «Алла Таала мындай дейт: «Бири-бирин Мен үчүн жакшы көргөндөргө, Менин махабатым (сөзсүз) болот. Бири-бирине Мен үчүн жакшылык каалагандарга, Менин махабатым (сөзсүз) болот. Бири-бирине Мен үчүн зыярат кылгандарга, Менин махабатым (сөзсүз) болот. Бири-бирине Мен үчүн акча-зыярат сарптагандарга, Менин махабатым (сөзсүз) болот. Алар нурдан жасалган минбарларда олтурушат. Аларга пайгамбарлар менен чынчылдар суктанышат» [7, 396-б.].

Умамадан (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтты: «Бир пенде бирөөнү Аллах үчүн жакшы көрсө, ал улуу Раббисин урматтады».

Абу Зардан (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам): «Эң жакшы амал-Алла үчүн жакшы көрүү жана Алла үчүн жек көрүү» - деди [7, 399-б.].

Аюб (Рахматиллохи алайхи) чоң атасынан риваят кылат: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтты: «Атасынын уулуна берген эң жакшы белеги-жакшы тарбия берүү,андан өткөн белек жок» (Термизи) [7, 406-б.].

Абу Саьид менен Ибн Аббостон (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам) айтат: Ким балалуу болсо, ага жакшы ат коюп, жакшы тарбия берсин. Балагатка жеткенде, үйлөсүн. Эгер бой жетип, дагы деле үйлөнбөйжүрүп, кандайдыр бир күнөө жасаса, анын күнөөсү атасынын мойнунда болот» (Байхаки) [5, 407-б.].

Ибн Аббостон (розияллоху анху) ривоят: Пайгамбар (саллаллоху алайхи вассалам): «Кошунасы ачка, а өзү ток болгон адам (толук) момун эмес» - деди.

(Табарони) [7, 408-б.].

Абу Хурайра (Р.А.) риваят кылат: «Расулуллох (с.а.в.) айтат: «Ким адал жол менен байлык (дүйнө) топтоого умтулса, бирок максаты адамдардын алдында сыймыктануу, менменсинүү болуп, байлыгым ашып-ташып, эл көрсө экен десе, Алла ага ачууланган абалда жолугат. Ал эми ким адал жол менен байлык (дүйнө) топтоого умтулса, максаты эч кимге көз каранды болбоо, кошунага жардам берүү болсо, үй-бүлө багуу, Кыямат күнү Аллага, анын жүзү он төртүнчү түндө толгон айдай жаркыраган абалда жолугат» (Байхаки) [7, 478-б.].

Жогорудагы пикирлерибизди жыйынтыктап айтканда тарбия, адеп-ахлакка, маданияттуулукка, көп маданияттуулукка, бир сөз менен айтканда чыныгы инсандык сапаттарды ээлеген чыныгы инсан кылып тарбиялоодо Куран жана хадистердин мааниси чоң. Жаш муунду тарбиялоодо Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) хадистери азыркы учурда биз жашап жаткан светтик мамлекеттеөтө маанилүү болуп турат. Жаштардын руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү учурдун актуалдуу масалеси экени талашсыз.

**Адабияттар:**


1. Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Ж., ИИМСИ жарчысы №1. 2021-ж. - 15-16-бб.
2. Асипова Н.А., Карабалаева Г.Т., ж.б. Этнопедагогика 2019-ж. 2010-б.
3. Рахимова М.Р. ж.б. «Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. - Бишкек 2002-ж.
4. Мирзоахмедов М. Дин жана илим. - Худжанд, 2012-ж.
5. Муратов А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 2018-ж.
6. Абдылдаева Т.Ч., Дин философиясы. – Бишкек, 2019-ж.
7. Тандалган хадистер. - Бишкек, 2019-ж.
8. Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Ж., Ыймандуулукка, адеп-ахлакка, маданияттуулукка тарбиялоодо элдик педагогика каражаттарынан пайдалануу / Р.М Абдуллаев // Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №5. - С. 181-183. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2018/5/
9. Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Ж., Элдик педагогиканын жаш муунду тарбиялоодогу ролу / Р.М Абдуллаев // Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2019. - №10. - С. 103-106. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/10/